Улуттук санарип
экотутум
жөнүндө жобого
1-тиркеме

**Улуттук санарип экотутумдун санарип реестринде санарип жазууну түзүү үчүн маалыматтардын тизмеги**

Улуттук санарип экотутумдун (Улуттук экотутумдун) объектинин (элементинин) ээсинин (берүүчүнүн) ыйгарым укуктуу кызматкери Улуттук экотутумдун санарип реестрдин интерфейсине берилген кирүү мүмкүнчүлүгү аркылуу өзү (субъект) жана Улуттук экотутумдун объекти (элементи) жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды киргизет:

1) Улуттук экотутумдун ээси (берүүчүсү) жана объекти:

– ээсинин, берүүчүнүн толук аталышы;

– объектти эксплуатациялоо үчүн жооптуу жетекчинин, ыйгарым укуктуу адамдардын аты-жөнү;

– Улуттук экотутумдун объектинин аталышы жана түрү (санарип ресурс, тиркеме, сайт, санарип сервис, санарип технологиялык система);

– объекттин максаттары, багыты, негизги функциялары, анын курамына кирген санарип ресурстардын тизмеги;

– Улуттук экотутумдун элементин түзүүнү, өзгөртүүнү жана эксплуатацияга киргизүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын реквизиттери (мамлекеттик органдар үчүн);

– колдонулган программалык камсыздоо;

– объект жайгашкан жер;

– каржылоо булагы (мамлекеттик органдар үчүн);

– объектти эксплуатацияга киргизүү жөнүндө актынын реквизиттери;

2) Улуттук экотутум объектинин колдонуучулары (керектөөчүлөрү):

– колдонуучулардын (керектөөчүлөрдүн) аталышы (мамлекеттик органдар, юридикалык жактар, жарандар);

– колдонуучулардын (керектөөчүлөрдүн) болжолдуу саны, мамлекеттик сервистин суроо-талаптарынын болжолдуу саны;

3) алардын алкагында Улуттук экотутумдун элементи колдонулган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жана функциялар:

– анын алкагында мамлекеттик сервис берилүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн жана мамлекеттик/муниципалдык функциянын аталышы;

4) Улуттук экотутумдун бул элементи өз ара аракеттенген башка объекттер (өз ара аракеттенүүчү элементтер):

– аталышы, таандыктыгы, өз ара аракеттенүүчү элементтердин саны (Улуттук экотутумдун санарип реестринде катталган бөлүктө – мындай объекттерге Улуттук экотутумдун санарип реестриндеги санарип жазууларга шилтемелер);

5) Улуттук экотутумдун элементтерин пайдалануу жана аларга кирүү ыкмалары:

– берилүүчү мамлекеттик сервистердин тизмеги/түрлөрү;

– колдонуучуларды (керектөөчүлөрдү) идентификациялоо жана аутентификациялоо ыкмалары;

6) Улуттук экотутумдун элементин пайдалануунун натыйжалары, анын ичинде өз ара аракеттенүүчү элементтерде (сервистин натыйжасы);

7) Улуттук экотутумдун элементин коргоону камсыз кылууга, мамлекеттик сервистин санарип туруктуулугун камсыз кылууга жооптуу адамдар, алардын байланыш маалыматы;

8) Улуттук экотутумдун элементинин жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүчтөр (SLA) жана мамлекеттик сервистин сапаты:

– бир жылдагы жеткиликсиздиктин чектелген мезгили;

– иштебей калган учурда жеткиликтүүлүктү калыбына келтирүү мөөнөттөрү;

– бир учурдагы колдонуучулардын саны;

9) маалыматтар булактары, колдонулган форматтары жана маалыматтарды алмашуу интерфейстери.

Улуттук экотутумдун тармактык жөнгө салуучусу санарип жазууну түзүү үчүн объекттин ээси (берүүчүсү) киргизген маалыматтарды ырастаган кошумча маалыматтарды суроого укуктуу.

Улуттук экотутумдун санарип реестринде санарип жазууну түзүү үчүн киргизилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Улуттук экотутумдун тийиштүү субъекти тартат.